**ОшМУнун теология факультетинин Окумуштуулар Кеңешинин жыйынынын**

**№ 4-Токтому**

Төрагасы- З.К. Ажимаматов | Ош шаары, 09.02.2022-ж.

Катчысы- А. Керимкулова

Катышкандар:

1. Абдуганиев А. - Окутуучу, илимий иштер боюнча декандын орун басары
2. Адылбек к. А. - Ассистент, аялдар кеңешинин төрайымы
3. Ажимаматов З.- Декан
4. Арипов Н. – Доцент
5. Жумабаев М. - Окутуучу, тарбия иштери боюнча декандын орун басары
6. Калбердиев А. – Доцент
7. Козукулов Т.- Доцент, окуу иштери боюнча декандын орун басары
8. Масиралиев Ш.- Ага окутуучу, кафедра башчысы
9. Койлубаева Г.- орто кесиптик бөлүмүнүн методисти
10. Казыбекова К.-факультеттин методисти

Себептүү :

1. Зууридинов Ө.- Окутуучу, практика боюнча жетекчи
2. Кадыров М.- Ага окутуучу
3. Жусубалиев А. - Доцент, кесиптик бирликтин төрагасы
4. Тажибаев С.- Окутуучу, окуу-усулдук кеңештин төрагасы
5. Тойчуев А.- Жаштар Кеңешинин төрагасы

**Күн тартиби:**

1. Биринчи семестредин жыйынтыгы жана андан келип чыгуучу милдеттер жөнүндө кафедра башчы Ш. Масиралиевдин жана методисттердин баяндамасы.
2. Эл арасында профориентация ишин өткөрүүгө даярдыктар жөнүндө факультеттин деканы З. Ажимаматовдун баяндамасы.
3. Ар түрдүү маселелер.

**Угулду:**

**I маселе** боюнча кеңештин төрагасы З. Ажимаматов күн тартибиндеги биринчи маселе боюнча кафедранын башчысы Ш. Масиралиевге жана бакалавр менен коллеждин методисттерине сөз берди.

*Масиралиев Ш.:* Биздин кафедрада күзгү семестрде 2491 саат, ал эми коллежге 1854 саат пландаштырылган, бөлүнгөн саатарды толугу менен аткарылды. Факультеттин

Scanned with CamScanner

бардык предметтери боюнча жалпы жетишүү орточо 96% ды, сапаттык жетишүү **70,% ды.** Айрым предметтер боюнча жетишүүнүн көрсөткүчү жогору. Окутуучулары студенттер менен өз алдынча тыгыз иш алып барууга жана иштерин туура уюштурууга даяр.

Жарыш сөзгө чыкты *З. Ажимаматов:* Кандай көйгөйлөр бар?

*Масиралиев Ш.:* Студенттер менен көбүрөөк индивидуально иштеш керек болуп жатат. Тыгыз байланыштуу болуу үчүн семинардык сааттардан сырткары да жумуш ордунда саат 17:00гө чейин болсоңуздар, студенттер бизди издегенде таба ала турган болуш керек. Ошондо сапаттык көрсөткүчтөр да жогору болот деп ойлойм.

*З. Ажимаматов:* Мага арыздар түшүп жатат студенттерден, кээ бир сабактарда студенттер көчүрүп тапшырып жатышат экзамендерди, агайлар жакшы көңүл бурбай коюп жатышат. Окуган жана окубаган студенттер бирдей болуп, окуудан көңүл калып жатат, талапты каттуу коюңуздар деп. Биз студенттерди жалкоо деп таштап койбой, үгүт жасап мүмкүнчүлүк жаратып беришибиз керек. Сабактардан кийин кабинеттерибизге СӨАИ темаларды берип же болбосо сабакта сураганга жетишпей калган студенттерди чакырып иштешсек болот. Студенттерге шарт койсок ошого көнөт студенттер. Бул менин сунушум.

***Козукулов Т.:*** Мен декабр айында бүтүрүүчү курсу менен сурамжылоон өткөргөнмүн, жыйынтыгында азыркы темага тийешелүү жооптор бар. Студенттер балл бергенде да адилеттүү койсоңуздар деп жатышат. Окуган жана окубаган студентке бирдей мамиле жасалат. Ушул жоопко менин сунушум, конкреттүү эрежени иштеп чыгарсак, ошол эреже менен студент бул нерсени окусам балл алам же албайм деп түшүнсө, өзүбүз да ошону колдонсок. Индивидуальный предметке эмес, жалпы окутууда колдоно алган эреже болсо.

*Арипов Н.*: Жумушчу программада жазылган эрежелер бар, анан декан айткандай СӨАИ аркылуу иштеш керек, жалпы эреже койбой эле, бар эрежелерди карманайлы.

*Козукулов Т.:* Биздин балоо системасында проблема бар деп ойлойм. Менин сунушум мисалы балоодо 30+30+40=100 балл, бирок начар окуган студентке 31балл койбуз. Ошону биз 100 балл менен баалайбыз, 1 модул 1 сессия, проходной балл 51 болсо начар окуган студенттер да окуганга аракет жасайт деген ойдомун. Академиялык саясатты өзүбүз жүргүзөйлү.

*З. Ажимаматов:* Бул маселени бир отурумда чече албайбыз. Дагы да кеңешип талкуу жүргүзөйлү. Сөздү методисттерге берсек, сессия тапшырбай калган студенттер боюнча.

*Казыбекова К.*: Бакалавр программасынын 1-курсунан Куран сабагынан сессиядан өтпөй калган 5 студент бар, алар:

Scanned with CamScanner

1. Рахманов Сапарбек
2. Абдиманап кызы Жумакан
3. Галбаева Элиза
4. Ибраев Бексултан
5. Сопуева Айназ

2-курсунан Урайымов Кабыланбек 5 предметтен калган, бул бала окубайт экен, окуудан четтетебиз. М. Шербеков жана К. Сланбековдун техникалык себептерге улам 1-модулу АВН системасынан өчүп кеткендигине байланыштуу сессиянв толук тапшыра албай калышты, бул боюнча арыз жазып кайрылдык.

3-курсунан студенттеринен Б. Гаипов, К. Мирланбек уулу, Т. Орозмамат уулу, У.Талипова жана К. Хаджиматов жайкы семестрге калышты.

4-курсунан Б. Азимбек уулу 2 модулунан жайкы семестрге калды.

*З. Ажимаматов:* Сессиядан өтпөй калган студенттерди кураторлорго чогулушка чейин кабар берип койсоңуздар.

**II маселе**

**Угулду:** 2-маселе боюнча *З. Ажимаматов* сөз сүйлөдү:

Эл арасында профориентация ишин өткөрүү боюнча кабыл алуу комиссиясынын жоопту катчысы М. Убайдуллаев жума күнү комиссиянын тобу Ош, Баткен жана Жалал-Абад шаарларынын мектептерине бараарын айтты, биз колледж жана бакалавр программасынын буклеттерин чыгарп бердик. Ошондой эле 4-курсунун студенттери менен сүйлөшүп иш аракттер жүргүзүлүп жатат, ар бир окутуучу студенттер менен чогу өзүбүздүн машиналарыбыз менен бөлүнгөн райондорго барып профориентация иштерин жүргүзөбүз.

*Арипов Н.*: Мага медреселерден сунуш келип жатат, экскурсия өткөрүп бериңиздер деп, себеби медреселерде светтик предметтер жок, биздин окуу жайга кызыгуулар көп экен, диний сабактарды да, светтик сабактарды да өтүшөт деп. Коллеж менен бакалаврды түшүндүрүп бердим. Атайын семинар да өткөрүп берсек.

*З. Ажимаматов:* Макул, уюштуруп беребиз. Бир күндү белгилеп, чакырайлы.

**Ар түрдүү маселелер:**

**Угулду:**

I. Стейкхолдердин сунуштары жөнүндө окуу иштер боюнча декандын орун басары Т. Козукулов 2021-жылдын декабр айында бүтүрүүчү курсу менен өткөрүлгөн сурамжылоонун жыйынтыгы менен тааныштырып чыкты. Сурамжылоонун негизинде ГСЭ жана МЕН циклындагы предметтерди 11 жыл мектеп базасында окуп, ошол эле кайталоо болуп жатат деген жообун талкуулап, сырттан келген

Scanned with CamScanner

предметтердин окутуучуларынын жумушчу программаларын карап, тематикалары биздин факультетке ылайык болушун, сабактарга кирип текшерүүсүн усулдук кеңештин төрагасы жана кафедра башчысына дайындалып, кийинки факультеттин окумуштуулар кеңешинин отурумуна анализин талкуулоону чечим кабыл алышты.

Ошондой эле кээ бир кесиптик сабактардын мазмундары кайталанып жатат мисалы Сийер жана Пайгамбарыбыздын өмүр баяны ж.б. Ошондой эле кээ бир предметтерди тандоо сабактарга тизмесине сурамжылоонун негизинде аныкталган предметтерди милдеттүү киргизип, бирок сабакты эмес окутуучуну тандаса деген сунушу талкууланды. Түркияда даярдоо курсуна өтүлгөн сабактардын тематикаларын алып, токтогон жерден улантуу же болбосо биздин тематикалар менен салыштырып, окшош болгон тематикаларга өзгөртүү киргизүү сунушталды. Ошондой эле тандоо сабактарга берилген предметтерди талкуулап, талкуудан өткөн предметтерди берүү сунушталды.

Өткөрүлгөн сурамжылоонун жыйынтыгы тиркелет.

II. *З. Ажимаматов:* Которуу маселеси боюнча, башка окуу жайга которула турган студенттерди которуу схемасын татаалдаштырыш керек, мисалы 1-курсунан баштап контаркт төлөмүн төлөп берүү, себеби биздин студенттердин контракт төлөмүн фонд каржылап берет. Жатаканасы, тамак- ашы бекер. Шарттар түзүлгөн. Бирок ошого карабай которуулар болуп жатат. 1-2-курс окуп которулуп кетсе туура эмес. Окуудан четтетилген студент төлөбөсө да, которулган студенттерге ушул чараны колдонушубуз керек. Себеби кээ бир студенттер убакыт өткөзүп 2-3-курста которулуп кетем, Түркияга барып окуп келем дегендер да бар.

*Арипов Н.*: Декандык саттарын улантсаңыз, өзгөчө 1-2-курстарынын студенттерине көңүл буруп. 2-курстан которулуп кеткен студенттер көп болуп жатат. Тарбияны башынан деген сыяктуу, биз да талапты 1-2-курстарда каттуу коюшубуз керек. Айтылган кемчиликтерди жойуюга аркет жасайлы. Балдардын кызыгуусун башынан баштап күчөтүшүбүз керек.

*З. Ажимаматов:* Которуунун дагы бир эң койгойлуу маселеси бул студент бүткөндөн кийин кайсыл жерде иштеймин деген ой. Быйыл дин таануу сабагын 70% мектептерге кирет деген маалымат бар. Араптарды фонду каржылайт экен. Жумушчу топ иштеп жатат, айлык маянасын 20-30 миң болот деп жатышат. Ошол үчүн Асилбек агай, биздин бүтүрүчүүлөр базасын тактап койуңуз, ким кайсыл жерде иштеп жатат, жакынкы арада бизден сурап калышы мүмкүн.

Scanned with CamScanner

III. *З. Ажимаматов:* Мобилдүүлүк боюнча КТУ Манас менен сүйлөшүү жүргүзүлүп жатат.1-2-3-курстарынан 5 студентибизди кабыл алып жана бизге 5 студент жөнөтүүгө даяр. Окутуучулар да тажрыйба алмашсак болот.

*А. Абдуганиев:* Практика маселесинде кыйналып жатышат биздин студенттер. Ушул маселени карап чыгыш керек. Мобилдүүлүккө кеткен студенттердин эл аралык байланыштар чыгарган приказда практиканы жайда өткөрүү мүмкүнчүлүгүн сунуштаймын.

*Арипов Н.*: Манас университетине кеткен студенттердин практикасын Бишкек шаарындагы казыятка чыгарууну сунуштаймын.

*З. Ажимаматов:* Матикеев менен кеңешейли.

IV. Илимий иштер боюнча декандын орун басары *А. Абдуганиев:* Илимий иштер боюнча жаңы проректор келгенден кийин бизге иш пландын форматын өзгөртүү талап кылган, өзгөртүлгөн фоматта докторанттар менен иштешүү жана ошондой эле бүтүрүчүү курсунун студенттердин дипломдук иштерин кошп берүүсүн талап кылды. Өзгөртүлгөн иш планда докторанттар менен пландаштырылган илимий конференциялар менен биргеликте бүтүрүүчү курсунун студенттердин дипломдук иштердин темаларыда кошо жазылды.

Иш план тиркелет.

Жогорудагыларды угуп жана талкуулап, факультеттин окумуштуу кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. 2021-2022-окуу жылынын биринчи семестредин жыйынтыгы канааттандырарлык деп эсептелсин.
2. Эл арасында профориентация ишин өткөрүүгө даярдыктар канааттандырарлык деп эсептелсин.
3. Стейкхолдерлер менен өткөрүлгөн сурамжылоонун негизинде ГСЭ жана МЕН циклындагы предметтердин жумушчу программаларын карап, тематикалары биздин факультетке ылайык болушун, сабактарга кирип текшерүүсүн усулдук кеңештин төрагасы С. Тажибаев жана кафедра башчысы Ш. Масиралиев милдеттендирилсин.
4. Апрель айындагы факультеттин окумуштуулар кеңешинин отурумуна ГСЭ жана МЕН циклындагы предметтеринин анализин даярдоо усулдук

Scanned with CamScanner

кеңештин төрагасы С. Тажибаев жана кафедра башчысы Ш. Масиралиев милдеттендирилсин.

5. Түркияда даярдоо курсунда өтүлгөн сабактардын тематикаларын алуу, салыштыруу анализин кафедра башчысы Ш. Масиралиев милдеттендирилсин.
6. Бүтүрүүчүлөр базасын толуктоо факультеттин карьера борборунун жетекчиси А. Абдуганиев милдеттендирилсин.
7. Мобилдүүлүк боюнча кеткен студенттердин практика өтүү меселесин чечүү практика жетекчиси Ө. Зууридинов милдеттендирилсин.
8. Теология факультетинин 2022-жылы үчүн илимий-изилдөө ишмердүүлүгүнүн иш-планы бекитилсин.

**Кеңештин төрагасы** **З. Ажимаматов**

**Кеңештин катчысы** **А.Керимкулова**

Scanned with CamScanner